УДК: 371.214

Абдылдаев К.К., Эркинбаев М.А., Закиряев К.Э.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕ АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН ОКУТУУЧУ СИСТЕМАЛАРДЫ ИШТЕП ЧЫГУУНУН КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Аталган макалада автоматташтырылган окутуучу системаларды кыргыз тилинде иштеп чыгуунун, түзүүнүн методикалык жана терминологиялык көйгөйлөрү каралды.*

Бүгүнкү күндө кыргыз тилдүү мектептер, жогорку жана орто окуу жайлары үчүн автоматташтырылган окутуучу системаларды түзүү азыркы учурдун кечиктирилгис талабы болуп калды. Автоматташтырылган окутуучу системалар өнүккөн өлкөлөрдө билим берүү процесстеринде кеңири колдонулууда. Акыркы он жылдын ичинде ар түрдүү багыттагы абдан көп окутуучу системалар пайда болду, бирок булардын дээрлик бардыгы англис, орус, казак жана башка тилдерде түзүлгөн. Автоматташтырылган окутуучу системаларды башталгыч мектептерден баштап жогорку окуу жайларына чейин кыргыз тилинде түзүп колдонуу - негизги милдеттердин бири. Аталган окутуучу системалар басымдуу бөлүгү субъективдүү мүнөзгө ээ, себеби аны түзгөн адамдардын тобунун интеллектуалдык деңгээлинен жана жогорку квалификациясынан көз каранды болот. Биздин көз карашыбыз боюнча автоматташтырылган окутуучу системага төмөндөгүдөй аныктама берсе болот: Автоматташтырылган окутуучу система (АОС) – бул окутууну индивидуалдаштырууга арналган, компьютердин базасында түзүлгөн окуу-методикалык, лингивистикалык жана программалык комплекс.

Автоматташтырылган окутуучу система төмөндөгү функцияларды аткарат:

1. Окуучулардын, студенттердин индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн, билим көрөңгөсүнүн, билгичтигинин жана көндүмдөрүнүн деңгээлин ачып көрсөтөт.
2. Окуу материалдарын ар кандай татаалдыктагы деңгээлдер боюнча даярдайт.
3. Окуучулардын жана студенттердин таанып-билүү ишмердигин башкарат.
4. Окуучулардын жана студенттердин иш жөндөмдүүлүктөрүнүн көрсөткүчтөрүн аныктайт.
5. Окуучулардын жана студенттердин өздөштүргөн билим деңгээлин текшерет.
6. Ар бир окуучуну жана студентти же алардын топторунун алган билиминин сапатын анализдейт.

Автоматташтырылган окутуучу системалар менен колдонуучулардын ортосундагы өз ара аракеттенүүлөрүнүн белгилери боюнча автоматташтырылган окутуучу системаны тескери байланышы бар жана тескери байланышы жок деп эки топко бөлсө болот. Автоматташтырылган окутуучу системалар - бул колдонуучуну окутууга арналган техника-программалык каражат болгондуктан, алдыга коюлган негизги милдети колдонуучунун даярдыгынын деңгээлине жана жөндөмдүүлүгүнө жараша эффективдүү, терең билим берүү болуп эсептелет. Автоматташтырылган окутуучу системаларды тармактык жана тармактык эмес деп эки түргө бөлүүгө болот. Окуу процесстерди башкаруу белгиси боюнча да автоматташтырлган окутуучу системалар эки класска бөлүнүшөт.

Биринчи класска окуу процессин башкарууну колдонуучунун өзүнө жүктөгөн окутуучу системалар кирет. Мындай окутуучу системалардын окуу материалдары тексттик жана графикалык форматтарда болот. Бул класстагы окутуучу системалар функциялары, касиеттери жана окуу процесстерин ишке ашыруу боюнча да төмөндөгүдөй түрлөргё бёлщнёт:

- удаалаш түзүмдөгү электрондук окуу китеби, бул көбүнчө окуу китептердин электрондук варианттарына окшоп кетет;

- гипертексттүү түзүмдөгү электрондук окуу китеби; бул окуу материалындагы негизги түшүнүктөрдү, терминдерди, аныктамаларды, тексттердин окуу материалдарынын каалаган жеринен гипер шилтемелер аркылуу чыгарып алса болот;

- толук тексттүү маалыматтар базасы, бул окуу материалдарынын автордук баяндоосу менен башка авторлордун оригиналдык тексттеринин ортосундагы байланышты ишке ашырат;

- электрондук китепкана, бул - ар түрдүү окуу сабактары боюнча ар кандай электрондук окуу-методикалык материалдарынын комплекстерин башкаруучу система. Бул система боюнча окуучулар, студенттер библиографикалык система менен автоматтык түрдө иштей алышат;

- мультимедиалык электрондук окуу китеби, бул - окуу материалдарын аудио, видео форматтары менен баяндай турган система. Бул система колдонуучуга окулуучу материалдардын динамикасына көз салып турууга мүмкүнчүлүк берет.

Экинчи класстагы окутуучу системаларга окуу процессин өз алдынча башкарган окутуучу системалар кирет. Бул окутуучу системадагы окуу материалдары тыкан, толук жана удаалаш түрдө, өз алдынча башкаруунун алдында тексттик, графикалык, аудио- жана видео-форматтарында баяндалат. Ар бир окуу материалдарынын логикалык бөлүктөрүнүн аягында текшерүүчү суроолор жана тапшырмалар берилет. Бул тапшырмаларды аткаруунун натыйжасында колдонуучу окуу материалынын кийинки бөлүгүнө өтө алат. Башкаруунун баскычы түздөн – түз колдонуучунун тандап алуу деңгээлинен көз каранды. Бул класстагы автоматташтырылган окутуучу системалар өз алдынча төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнөт:

1. Окутуунун сызыктуу моделине ээ болгон автоматташтырылган окутуучу системалар. Мындай окутуучу системалардагы окуу материалдары удаалаш түрдө жайгаштырылып, колдонуучунун ошол автоматташтырылган окутуучу системалар натыйжасында өздөштүргөн билим деңгээлине жараша, аны текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча кийинки окуу материалын окууга мүмкүнчүлүк берет. Эгерде текшерүү жыйынтыгы начар болсо, кошумча окутууну сунуш кылат.

2. Окутуунун тармакталган моделине ээ болгон автоматташтырылган окутуучу системалар. Бул окутуучу системада окуу материалдары бир канча вариантта сунушталат. Ал варианттар өтө жөнөкөй баяндоодон баштап, окуу материалдарын толук илимий терминдер менен терең баяндоого чейин берип, текшерүү тапшырмалары да окуу материалдарынын берилиш түрлөрүнө жараша, ар бир варианттын аягында берилет. Бул тапшырмалардан өткөндө гана кийинки татаалдыктагы окуу материалдарын өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүк берет. Мындай окутуучу системаларда ар кандай деңгээлдеги колдонуучунун, бул системадагы баскан жолу сакталып калат, б.а., мейли окуучу, мейли студент болсун, окуу процессиндеги изи сакталат.

3. Окуу материалдарын баяндоо формасын тандоо мүмкүнчүлүгү бар автоматташтырылган окутуучу системалар. Бул окутуучу системалар окуу материалдарын же тексттик, же графикалык, же аудио, же видео формалары боюнча баяндайт жана колдонуучуга аларды сунуштайт. Бул системалар тармакталган моделге ээ болгон окутуучу системалардын бардык касиеттерине ээ болушу мүмкүн.

4. Окуу материалдарынын логикалык баяндоосун тандоочу автоматташтырылган окутуучу системалар. Мындай окутуучу системаларда мугалимдин же окутуучунун предметтик областындагы методикалык деңгээлине жараша окуу материалдары баяндалат жана текшерүүчү материалдар да ошол методикага ылайык берилет.

Автоматташтырылган окутуучу системаларды иштеп чыгуунун 5 этабы бар.

**1 этап.** Киришүү. Бул этапта окутуучу курста автоматташтырылган окутуучу системаны иштеп чыгуунун мааниси, жалпы архитектурасы бонча баяндама каралат.

**2 этап.** Коцептуалдык долбоорлоо. Бул этапта автоматташтырылган окутуучу системанын техника-экономикалык негиздемеси иштелип чыгат. Түзүүнүн жолдору жана башка аналогдору изилденет. Ошол түзүлүп жаткан окутуу курсунун билимдерине жана билгичтиктерине талап коюлуп, анализ жүргүзүлөт. Автоматташырылган окутуу системасынын түзүмдөрүн иштеп чыгууну такташтыруу ишке ашырылат. Окутуучу курс үчүн дидактикалык ыкмаларды тандоо жана психологиялык-педагогикалык стратегияны калыптандыруу каралат. Информацияны берүүнүн формалары тандалат. Окуу материалдарынын информация–логикалык модели иштелип чыгат. Кызматчы функциялардын тобу жана аларды ишке ашыруунун жолдору аныкталат. Колдонуучунун интерфейсинин схемасы түзүлөт жана такталат. Окуу машыгуучу тапшырмалардын типтери аныкталып, билимдерди текшерүүнүн схемасы түзүлөт. Ошондой эле окуу машыгуучу материалдар типтештирилет. Окуу-машыгуучу тапшырмаларды аткаруунун жыйынтыктары чыгарылып, баалоо методдору каралат. Жалпы билимди текшерүү стратегиясы аныкталат.

**3 этап.** Иштеп чыгуу процессин уюштуруу жана аспаптык каражаттарын тандоо. Бул этапта окутуучу системаны иштеп чыгуучу адистердин ортосунда иштер бөлүштүрүлүп, аларды координациялоо аныкталат. Окуу процесстерин башкаруучу система иштелип чыгат. Окутуунун компьютердик каражатын долборлоо системасы түзүлөт. Аспаптык каражаттарынын курамы тандалып алынат.

**4 этап.** Окуу-машыгуу тапшырмаларын жаратуунун методдорун иштеп чыгуу. Бул этапта тапшырмалардын моделдери жана жаратуу методдорунун классификациясы берилет. Окуу материалдарынын тексттеринин негизинде окуу-машыгуучу тапшырмаларды жаратуу ишке ашырылат. Ошондой эле өзүнчө сүйлөмдүн же логикалык байланышта болгон бир канча сүйлөмдөрдүн негизинде окуу-машыгуучу тапшырмаларды жаратуу каралат. Тексттердин бөлүктөрүндө жана атайын берилген информациялардын негизинде окуу-машыгуучу тапшырмаларды жаратуу аныкталат.

**5 этап.** Иштелип чыккан окутуучу системаны ишке киргизүү жана таратуу. Бул этапта окутуучу системаны ишке киргизүүчү документтер иштелип чыгат. Окуутучу системанын жарнак материалдары иштелип чыгып таратылат жана лицензиялык макулдашуулар аныкталат.

Автоматташтырылган окутуучу системанын ишке киргизүүдөн баштап, анын жашоо цикли ишин башталат. Автоматташтырылган окутуучу системаларды кыргыз тилдүү мектептер үчүн түзүүдө, кыргызча окуу материалдары жана мектептеги табигый илимдер боюнча сабактар мисалы: математика, физика, химия, биология, тарых ж.у.с. сабактардагы терминдер калыптанып калган, ошондуктан бул предметтер боюнча окутуучу системаларды кыргыз тилинде иштеп чыгууда чоң тоскоолдуктарды, кыйынчылыктарды жаратпайт. Ал эми мектептик курстардагы информатика, турмуш-тиричилик коопсуздугунун негиздери, жаран таануу ж.у.с. кийинки жаңы киргизилген предметтер боюнча автоматташтырылган окутуучу системаны кыргыз тилинде иштеп чыгууда калыптана элек окуу материалдарынын терминдери бар. Бул жагдай окуу материалдарын берүүдө чоң кыйынчылыктарды жаратат. Мисалы, информатика сабагы боюнча көптөгөн терминдер котормосу боюнча сөзмө-сөз которулуп калган, алсак «данные» - «берилиш», «оперативная память» - «тез эс», «операционная система» - «амалдар системасы» ж.у.с. Окуу материалындагы терминдердин так жана туура кыргызча которулушу окуучулардын, студенттердин билиминин илимий деңгээлин жогорулатуу менен окуу илимдердүүлүгүн интеллектештирет. Жогорку окуу жайларында даярдалуучу адистердин кыргыз тилдүү сабактарынын кыргыз тилинде жазылган же кыргызча которулган окуу китептери жана окуу куралдары жокко эсе. Мындай жагдай жогорку окуу жайлар үчүн түзүлө турган автоматташтырылган окутуучу системаларды кыргыз тилинде түзүүдө өтө чоң көйгөйлөрдү пайда кылат.

Бирок терминологиядагы көйгөйлөрдү чечүү менен жогорку окуу жайлар үчүн кыргызча окутуучу системаларды түзүү керек, себеби көч акырындап барып түзөлөт эмеспи.

Бүгүнкү күндө Болон процесси боюнча окутуу кредиттик системанын шартында жүргүзүлгөндүктөн, студенттердин өз алдынча иштөөсүнө чоң көңүл бурулат, ошондуктан автоматташтырылган окутуучу системалар студенттердин өз алдынча иштөөсүндө терең билим алуусун шарттайт.

Адабияттар:

1. Большаков А. Интеллектуальные автоматизированные обучающие системы: методология создания. //Высшее образование в России. - 2006, № 6. – С. 70-76.
2. Соловьев А. Электронное обучение – новая технология или новая парадигма? //Высшее образование в России. – 2006, № 11. - С. 104-113.
3. Башмаков А.И., Башмаков И.А. Разработка компьютерных учебников и обучающих систем. – М.: Информационно-издательский дом «Филин», 2003. –С. 616.
4. Эркинбаев М.А., Бапа кызы А. Электрондук окутуучу система жана коюлуучу талаптар. //Вестник ИГУ, № 10, 2004 г. - С. 218-222.
5. Эркинбаев М.А., Серапова Д.К., Бапа кызы А., Азизова Т.А., Ниязалиев Т.С. Электрондук окутуучу системаларды студенттердин өз алдынча даярдануу иштеринде колдонуу. //IKECCO 2005 International Conference on Electronics and computer in Kyrgyzstan. 6-7 may Bishkek, Kyrgyzstan. - С. 204-208.
6. Эркинбаев М.А., Искаков Р.Т., Дюшембаев Ж.Ж. Электрондук окутуучу системаларды мектептик билим берүүдө колдонуу. //Вестник ИГУ, № 20, 2008.